# Ыскак Жакып



Published by the Comic Bible Society, LLC
Copyright © 2021

Kingstone Comics maintains copyright to this comic book as provided by United States copyright law.

Print and digital copies of this version may be freely distributed without penalty under a Creative Commons license.




БАШТАЛЫШ 23:1-13






БАШТАЛЫШ 23:14-20


ЭЛИЕЗЕР, МЕНИН ЭҢ ИШЕНИМДҮҮ КУЛУМ, МЕНИН АЙТКАНДАРЫМДЫ КУНТ КОЮП УК.
МЕН ЭМИ 130 ЖАШКА КЕЛИП КАЛДЫМ. ЖАКЫНДА АТА-БАБАЛАРЫМДЫН КАТАРЫНА КОШУЛАМ.
АЛ ЭМИ УУЛУМ ЫСКАК АЗЫРКЫГА ЧЕЙИН ҮЙЛӨНӨ ЭЛЕК.
КОЛУҢДУ МЕНИН САНЫМА КОЮП ТУРУП, УУЛУМА МЕН ЖАШАП ЖАТКАН КАНААН ЖЕРИНИН КЫЗДАРЫНАН АЯЛ АЛЫП БЕРБЕЙМ ДЕП, АСМАН МЕНЕН ЖЕРДИН КУДАЙЫ БОЛГОН ТЕҢИР МЕНЕН АНТ БЕР.
БИРОК МЕНИН ЖЕРИМЕ, МЕНИН МЕКЕНИМЕ БАРЫП, УУЛУМ ЫСКАККА АЯЛ АЛЫП КЕЛЕСИҢ.
МЕН СЕН АЙТКАНДАЙ АЛЫС ЖАКТАРГА АТТАНАЙЫН. БИРОК, ТӨРӨМ, ЭГЕРДЕ АЛ АЯЛ БУЛ ЖЕРГЕ МЕНИ МЕНЕН КЕЛГИСИ КЕЛБЕСЕЧИ?
АНДА УУЛУҢДУ ТУУЛГАН ЖЕРИҢЕ КАЙРА ЖИБЕРИШИМ КЕРЕКПИ?
ЖОК. МАГА: “БУЛ ЖЕРДИ СЕНИН ТУКУМУҢА БЕРЕМ”, – ДЕП УБАДА КЫЛГАН АСМАН КУДАЙ-ТЕҢИРИ СЕНИН АЛДЫҢА ӨЗ ПЕРИШТЕСИН ЖИБЕРЕТ, ОШОНДО СЕН АЛ ЖЕРДЕН УУЛУМА АЯЛ АЛЫП КЕЛЕСИҢ.
ЭГЕРДЕ АЯЛ СЕНИ МЕНЕН КЕЛҮҮНҮ КААЛАБАСА, АНДА МАГА БЕРГЕН АНТЫҢДАН КУТУЛАСЫҢ.















БАШТАЛЫШ 24:10-17


ИЧИҢИЗ, МЫРЗАМ, ТӨӨЛӨРҮҢҮЗДҮН ДА СУУСУНУ КАНГЫЧА СУЗУП КЕЛИП БЕРЕЙИН.
МЫРЗАМ ЫБРАЙЫМДЫН КУДАЙЫ, ЧЫНЫНДА СЫЙЫНУУБУЗГА ЖООП БЕРДИҢ.
КИМДИН КЫЗЫСЫҢ? АЙТЧЫ МАГА, АТАҢДЫН ҮЙҮНДӨ БИЗ ТҮНӨГӨНГӨ ОРУН БАРБЫ?
НАХОР МЕНЕН МИЛКАНЫН УУЛУ БЕТУЕЛДИН КЫЗЫМЫН.
МЫРЗАМ ЫБРАЙЫМДЫН КУДАЙ-ТЕҢИРИНЕ АЛКЫШ!
ТЕҢИР МЕНИ ТҮЗ ЭЛЕ МЫРЗАМДЫН БИР ТУУГАНЫНЫН ҮЙҮНӨ АЛЫП КЕЛДИ.
НАХОР ЫБРАЙЫМДЫН БИР ТУУГАНЫ. ОШОНДО ЫСКАК РЕБЕКАГА ДА ТУУГАН ЧЫГАТ.


АПА! АПА! АТАМДЫН АГАСЫ ЫБРАЙЫМДЫН ҮЙҮНӨН БИР АДАМ КЕЛДИ. АЛ МЫРЗАСЫНА АЯЛ ИЗДЕП ЖҮРӨТ.
ЭМНЕ ДЕЙСИҢ?!
БАЛ КИШИ МАГА БУЛАРДЫ БЕРДИ ЖАНА БИЗДИН АГАБЫЗ ЫБРАЙЫМ БАТАЛУУ АДАМ ДЕДИ.
МЕН ЛАБАНМЫН. СИЗ БААРЛАШКАН КЫЗДЫН АГАСЫМЫН.
БИЗ СИЗГЕ ЖАНА ТӨӨЛӨРҮҢҮЗГӨ ЖАЙ КАМДАП КОЙДУК. КИРИҢИЗ.
СИЗ ҮЧҮН ДАСТОРКОН ЖАЙЫЛДЫ, КЕЛИҢИЗ, ТАМАККА КАРАҢЫЗ.
ӨЗ ИШИМДИН ЖӨНҮН АЙТМАЙЫН ЖЕБЕЙМИН.
АЛБЕТТЕ, СҮЙЛӨЙ ОТУРУҢУЗ.






БАШТАЛЫШ 24:34-49


БУЛ ИШ ТЕҢИРДЕН.
МЫНА, РЕБЕКА АЛДЫҢДА ТУРАТ. АНЫ АЛЫП, ЖОЛГО ЧЫК. ТЕҢИР АЙТКАНДАЙ, АЛ МЫРЗАҢДЫН УУЛУНУН АЯЛЫ БОЛСУН.
ЫБРАЙЫМ ТӨРӨМӨ БЕРИЛГЕН БАТА ҮЧҮН ТЕҢИРДИН АТЫ ДАКҢКТАЛСЫН.
ЫБРАЙЫМ ТӨРӨМӨ БЕРИЛГЕН БАТА ҮЧҮН ТЕҢИРДИН АТЫ ДАКҢКТАЛСЫН.
ЭМИ МЕН ТАМАКТАНЫП, ҮЙҮҢӨРДӨ ТҮНӨСӨМ БОЛОТ.


БИЗ ЭМИ ЖОЛГО ЧЫГАЛЫ. ЖОЛ УЗАК.
КЫЗЫБЫЗ БИЗ МЕНЕН, ЖОК ДЕГЕНДЕ, ОН ЧАКТЫ КҮН БОЛСУН. АНДАН КИЙИН ЖӨНӨСҮН.
МЕНИ КАРМАБАГЫЛА, АНТКЕНИ ТЕҢИР МЕНИН ЖОЛУМДУ АЧКАН.
КЫЗДЫ ЧАКЫРЫП СУРАЙЛЫ, АЛ ЭМНЕ ДЭЭР ЭКЕН.
СЕН БУЛ КИШИ МЕНЕН БИЗ КОШТОШО ЭЛЕКТЕ ЭЛЕ АЗЫР КЕТЕСИҢБИ?
МЕН БАРАМ…ЖОЛД ОШУМА БАРАЙЫН.
СЕНДЕН МИҢ-МИҢДЕГЕН ТУКУМ ТӨРӨЛСҮН.
УКУМ-ТУКУМУҢ ДУШМАНДАРЫҢДЫН ТУРАК ЖАЙЛАРЫН ЭЭЛЕСИН.
СЕН ЖАЛГЫЗ БОЛБОЙСУҢ. КЫЗМАТЧЫЛАРЫҢ СЕНИ МЕНЕН БИРГЕ БАРАТ.
ОШЕНТИП, ЭЛИЕЗЕР ӨЗҮНҮН ТӨРӨСҮ ЫБРАЙЫМ ЖАНА ЫСКАКТЫ КӨЗДӨЙ ЖӨНӨДҮ.






МАШАЯК 24:62-67




БАШТАЛЫШ 25:1-10


РЕБЕКА СОГОНЧОГУ КАНАБАГАН АЯЛ ЭЛЕ. ЫСКАК ТЕҢИРГЕ ӨЗ АЯЛЫ ЖӨНҮНДӨ СЫЙЫНДЫ, ОШОНДО АНЫН ҮНҮ УГУЛУП, АЯЛЫ РЕБЕКАНЫН БОЮНА БҮТТҮ.
КУРСАГЫНДА ЖАТКАН БАЛДАРЫ ТЕПКИЛЕШЕ БАШТАГАНДА, АЛ КУДАЙДАН СУРАДЫ…
ИЧИМДЕ ЭМНЕ БОЛУП ЖАТАТ?
КУРСАГЫҢДА ЭКИ УРУУ ЭЛ ЖАТАТ, КУРСАГЫҢДАН ЭКИ БАШКА ЭЛ ЧЫГАТ.
БИРИ ЭКИНЧИСИНЕН КҮЧТҮҮ БОЛОТ, УЛУУСУ КИЧҮҮСҮНӨ КЫЗМАТ КЫЛАТ.
МЫНА ТУН УУЛУҢ - ТЕРИДЕЙ ТҮКТҮҮ, КЫЗЫЛ ЫМЫРКАЙ ТӨРӨЛДҮ!
АТЫН ЭЙСАП КОЕЛУ.[1]
1 ЭЙСАПТЫН МААНИСИ ТҮКТҮҮ ДЕГЕНДИ БИЛДИРЕТ. БИРОК АЛ ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЭДОМ ДЕП АТАЛЫП, КЫЗЫЛ ДЕГЕНДИ ТҮШҮНДҮРӨТ.
АНЫН БИР ТУУГАНЫ КЕЛЕ ЖАТАТ - АЛ ЭЙСАПТЫН СОГОНЧОГУН КАРМАЙ ЧЫКТЫ!
АНЫН АТЫН ЖАКЫП КОЕЛУ.[2]
2 ЖАКЫПТЫН МААНИСИ “СОГОНЧОГУН КАРМАГАН” ЖЕ “ЖАЛГАНЧЫ” ДЕГЕНДИ БИЛДИРЕТ.


ЭЙСАП МЫКТЫ АҢЧЫЛЫК КЫЛГАН ТАЛАА АДАМЫ БОЛДУ.
АЛ ЭМИ ЖАКЫП ЧАТЫРДА ЖАШАГАН, МОМУН АДАМ БОЛДУ.
УУЛУМ, СЕН АЛЫП КЕЛГЕН ИЛБЭЭСИНДИН ЭТИ КАНДАЙ ГАНА ДААМДУУ!
ЫСКАК ЭЙСАПТЫ ЖАКШЫ КӨРСӨ, РЕБЕКА БОЛСО ЖАКЫПТЫН МҮНӨЗҮНӨ КАРАП АНЫ ЖАКШЫ КӨРЧҮ.
МАГА КЫЗЫЛЫНАН, МЫНА БУЛ КЫЗЫЛЫНАН ЖЕГЕНГЕ БЕРЧИ, АНТКЕНИ МЕН ЧАРЧАДЫМ.
АНДА МАГА АЗЫР ТУНГУЧТУГУҢ ДУ САТ.
АЧКАДАН ӨЛҮП БАРАТАМ, МАГА ТУНГУЧТУКТУН ЭМНЕ КЕРЕГИ БАР?
АЗЫР ЭЛЕ МАГА АНТ БЕР.
АНТ БЕРДИМ, СЕН МАГА ЭМИ ТАМАК БЕР.
ТУҢГУЧТУК МУРАСТЫ ЭКИ ЭСЕ КӨП АЛГАНГА ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨНҮН БАШЧЫСЫ, ЫЙЫК КЫЗМАТЧЫ БОЛУУГА УКУК БЕРМЕК.
БИРОК ЭЙСАП ӨЗҮНҮН ТУНГУЧТУГУН БААЛАГАН ЖОК.






БАШТАЛЫШ 26:1-11



КУДАЙ ЫСКАКТЫ МОЛ БАТАЛАП, АНЫН БАЙЛЫГЫ КӨБӨЙГӨНДӨН КӨБӨЙҮП, АБДАН БАЙ БОЛДУ. ОШОНДО АБЫ-МЕЛЕК ЫСКАКТАН КӨЧҮП КЕТҮҮСҮН СУРАНДЫ.
ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАЛЧЫЛАР МЕНЕН ЫСКАКТЫН КЫЗМАТЧЫЛАРЫ ОРТОСУНДА КУДУКТАГЫ СУУ ҮЧҮН ТАЛАШТАР ЧЫГЫП ТУРДУ.
ОШОНДО АЛ БУЛ ЖЕРДЕН КЕТИП, БАШКА КУДУК КАЗДЫ. АЛ ТУУРАЛУУ ТАЛАШ БОЛГОН ЖОК. АЛ КУДУККА РЕХОБОТ ДЕГЕН АТ КОЙДУ. АНТКЕНИ ЭМИ ТЕҢИР АГА КЕНЕН ЖЕР БЕРГЕН.
КАЙРАДАН АНЫ МЕНЕН ТЕҢИР СҮЙЛөШҮП, КОРКПОГУН ДЕДИ--
--АЛ ЫСКАК МЕНЕН ЭКЕНИН ЖАНА ТУКУМУН КӨБӨЙТӨРҮН ЭСКЕ САЛДЫ.
АБЫ-МЕЛЕК КЕЛЕ ЖАТАТ. КЫЗЫК, АЛ МЕНИ КУУП ЖИБЕРБЕДИ БЕЛЕ.
ТЕҢИР СЕНИ МЕНЕН ЭКЕНИН АЧЫК КӨРДҮК, ОШОНДУКТАН СЕНДЕН КОРКТУК.
БИЗ САГА ДАЙЫМА ЖАКШЫ МАМИЛЕ КЫЛДЫК. АНДЫКТАН СЕНИ МЕНЕН ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИН ТҮЗӨЛҮ.
АНДА БИРИ-БИРИ БИЗГЕ АНТ БЕРЕЛИ.
ЫСКАК КОҢШУЛАРЫ МЕНЕН ЫНТЫМАКТА БОЛГОНУ МЕНЕН АНЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ КӨЙГӨЙЛӨР БАР ЭЛЕ.
ЭЙСАП ӨЗ ЭЛИНЕН АЯЛ АЛУУДАН БАШ ТАРТЫП, БУТПАРАС ХЕТТИК КЫЗДАРДЫ АЯЛДЫККА АЛДЫ. АЛАР ЫСКАК МЕНЕН РЕБЕКАНЫН БАШЫНА ТҮШКӨН КАЙГЫ БОЛДУ.


МЕН ЭМИ КАРТАЙЫП КАЛДЫМ, КӨЗДӨРҮМ НАЧАРЛАДЫ, КАЧАН ӨЛӨРҮМДҮ БИЛБЕЙМ.
СЕН АЗЫР КУРАЛДАРЫҢДЫ АЛЫП МАГА ИЛБЭЭСИН АТЫП КЕЛ. АНДАН СОҢ МЕН ЖАКШЫ КӨРГӨН ТАМАКТЫ БЫШЫРЫП, АЛДЫМА АЛЫП КЕЛ. ӨЛӨРДӨН МУРУН САГА БАТАМДЫ БЕРЕЙИН.
МЕН АЗЫР БИР ТУУГАНЫҢ ЭЙСАПКА АТАҢДЫН ИЛБЭЭСИН АТЫП КЕЛИП, ТАМАК ЖАСАП БЕРГЕНИНДЕ, АЛ АГА БАТАСЫН БЕРЕРИН УКТУМ.
ЖАЙЫТКА БАРЫП, ЭКИ ЖАКШЫ УЛАК АЛЫП КЕЛ. МЕН АЛАРДЫН ЭТИНЕН АТАҢА ЖАКШЫ КӨРГӨН ТАМАГЫН ЖАСАП БЕРЕЙИН.
АНЫ АТАҢА АЛЫП БАР, АЛ ЖЕП, ӨЛӨР АЛДЫНДА САГА БАТАСЫН БЕРСИН.
БИР ТУУГАНЫМ ЭЙСАП ТҮКТҮҮ. МЕН БОЛСО ТҮКСҮЗМҮН.
АТАМ МЕНИ СЫЙПАЛАП КӨРСӨ, МЕН АНЫН АЛДЫНДА АЛДАМЧЫ БОЛУП, БАТА ОРДУНА КАРГЫШ АЛЫП КАЛБАЙЫН.
МЕНИН СӨЗҮМДҮ ГАНА УГУП, АЙТКАНЫМДЫ АЛЫП КЕЛ.




БАШТАЛЫШ 27:14-25






БАШТАЛЫШ 27:26-30




БАШТАЛЫШ 27:30-40






БАШТАЛЫШ 27:41 -- 28:7




БАШТАЛЫШ 28:8-11


МЕН ТЕҢИРМИН, АТАҢ ЫБРАЙЫМ МЕНЕН ЫСКАКТЫН КУДАЙЫМЫН.
СЕНИН УКУМ-ТУКУМУҢ ЖЕР КУМУНДАЙ БОЛОТ. . .
СЕН АРКЫЛУУ, СЕНИН УРУГУҢ АРКЫЛУУ ЖЕР БЕТИНДЕГИ БАРДЫК УРУУЛАР БАТА АЛАТ....


…СЕН КАЙДА БАРБАГЫН, БАРДЫК ЖЕРДЕ СЕНИ САКТАЙМЫН.


ЧЫН ЭЛЕ, ТЕҢИР БУЛ ЖЕРДЕ ЭКЕН - БУЛ ЖЕР ЖӨНӨКӨЙ ЖЕР ЭМЕС, КУДАЙДЫН ҮЙҮ -АСМАН ДАРБАЗАСЫ ТУРБАЙБЫ.
БУЛ ЖЕРДИН АТЫ МЫНДАН АРЫ БЕЙТЕЛ – КУДАЙДЫН ҮЙҮ ДЕП АТАЛАТ. АЛ ЭМИ ШААРДЫН МУРУНКУ АТЫ ЛУЗ ЭЛЕ.
ЭГЕРДЕ КУДАЙ МЕНИ МЕНЕН БОЛСО, МЕНИ САКТАЙ ТУРГАН БОЛСО, АТАМДЫН ҮЙҮНӨ ТЫНЧТЫК МЕНЕН КАЙТСАМ, АНДА СЕН МЕНИН КУДАЙЫМ БОЛОСУҢ.
МЕН ЭСТЕЛИК КЫЛЫП КОЙГОН МЫНА БУЛ ТАШ СЕНИН ҮЙҮҢ БОЛОТ. О, КУДАЙЫМ, ОШОНДО МЕН САГА СЕН БЕРГЕН БАРДЫК НЕРСЕНИН ОНДОН БИР БӨЛҮГҮН БЕРЕМ.


МЕСОПОТАМИЯ.
РЕБЕКАНЫН ҮЙ-БҮЛӨСҮНҮН ЖЕРИ.
ДОСТОР—СИЛЕР КАЙДАН БОЛОСУҢАР?
БИЗ ХАРАНДАНБЫЗ.
СИЛЕР НАХОРДУН УУЛУ ЛАБАНДЫ ТААНЫЙСЫҢАРБЫ?
ТААНЫЙБЫЗ.
АЛ АМАН-ЭСЕН ЖҮРӨБҮ?
ЖАКШЫ ЖҮРӨТ. ТИГИНЕ, КЫЗЫ РАХЕЛ КОЙЛОРУН АЙДАП КЕЛЕ ЖАТАТ.
МЕН СЕНИН ТУУГАНЫҢМЫН. АТАҢДЫН КАРЫНДАШЫНЫН УУЛУМУН!
ЖҮРҮ МЕНИ МЕНЕН! АТАМ СЕНИ КӨРҮП АБДАН КУБАНАТ!
АТА! СЕНИН КАРЫНДАШЫҢ РЕБЕКАНЫН УУЛУ КЕЛДИ БИЗГЕ!






БАШТАЛЫШ 29:14-22






БАШТАЛЫШ 29:25-30:24


РАХЕЛ ЖАКЫПКА ЖУСУПТУ ТӨРӨП БЕРГЕН СОҢ, ЖАКЫП КАЙЫН АТАСЫНА БАРДЫ.
МАГА АЯЛДАРЫМ МЕНЕН БАЛДАРЫМДЫ БЕР. ЭМИ МЕНИ КОЁ БЕР, МЕН ӨЗ ОРДУМА, ӨЗ ЖЕРИМЕ БАРАЙЫН.
ТЕҢИР МАГА СЕН ҮЧҮН БАТА БЕРГЕНИН БИЛИП ТУРАМ. КЫЗМАТ АКЫҢДЫ АЙТ, ЭМНЕ СУРАСАҢ, ОШОНУ БЕРЕЙИН.
МАГА ЧЕЙИН СЕНИН МАЛЫҢ АЗ ЭЛЕ, АЗЫР КӨП БОЛУП КАЛДЫ.
МАГА ЭЧ НЕРСЕ БЕРБЕЙ ЭЛЕ КОЙ. ӨЗҮМ БААРЫН КЫЛУУГА ДАЯРМЫН.
САГА ЭМНЕ БЕРЕЙИН?
БИР ГАНА ТЕМГИЛИ БАР, ТАГЫ БАР МАЛДЫН БААРЫН, КАРА КОЙЛОРДУ ЖАНА ЭЧКИЛЕРДИ БӨЛҮП КОЙ.
КИЙИН СЕН МЕНИН КЫЗМАТ АКЫМДЫ КӨРГӨНҮ КЕЛГЕНИҢДЕ, МЕНДЕГИ ТЕМГИЛИ ЖОК, ТАГЫ ЖОК АР КАНДАЙ ЭЧКИЛЕР ЖАНА КАРА ЭМЕС КОЙЛОР УУРДАЛГАН БОЛУП ЭСЕПТЕЛЕТ.
ЖАКШЫ БОЛОТ, СЕН АЙТКАНДАЙ БОЛСУН.
ЛАБАН ОШОЛ КҮНҮ БАРДЫК АЛА-БУЛА, ТАГЫ БАР ТЕКЕЛЕРДИ, ЭЧКИЛЕРДИ, КАРА КОЙЛОРДУ БӨЛҮП АЛЫП, ӨЗҮНҮН УУЛДАРЫНЫН КОЛУНА ӨТКӨРҮП БЕРДИ.






БАШТАЛЫШ 30:37-31:1


МЕН АТАҢАРДЫН МУРДАГЫДАЙ КАРАБАЙ КАЛГАНЫН КӨРҮП ТУРАМ.
АТАҢАР БОЛСО МЕНИ АЛДАП, КЫЗМАТ АКЫМДЫ ОН ЖОЛУ АЛМАШТЫРДЫ. БИРОК АНЫН МАГА ЖАМАНДЫК КЫЛУУСУНА КУДАЙ ЖОЛ БЕРГЕН ЖОК.
АНЫН КЫЛГАНЫН КУДАЙ КӨРҮП ТУРДУ. АЛ МЕНИН ТУУГАН ЖЕРИМЕ КАЙТУУМДУ КААЛАЙТ.
АЛ БИЗДИ БӨТӨН КАТАРЫ САНАЙТ. АНТКЕНИ АЛ БИЗДИ САТТЫ, АТҮГҮЛ, КҮМҮШҮБҮЗДҮ ДА ЖЕП КОЙДУ.
ОШОНДУКТАН КУДАЙ САГА АЙТКАНДЫН БАРДЫГЫН КЫЛ. БИЗ СЕНИ МЕНЕНБИЗ.
ЛАБАН МАЛЫН КЫРККАНЫ КЕТЕРИ МЕНЕН, ЖАКЫП БАРДЫК МАЛ-МҮЛКҮН ЖЫЙЫП ЖОЛГО ЧЫКТЫ.
БИРОК РАХЕЛ АТАСЫНЫН ЖАСАЛМА КУДАЙЛАРЫН УУРДАП АЛДЫ.


АТА, ЖАКЫП МЫНДАН ҮЧ КҮН МУРУН КАРЫНДАШТАРЫБЫЗ ЖАНА МАЛ-МҮЛКҮ МЕНЕН КАЧЫП КЕТИПТИР.
ТЕЗИРЭЭК БИР ТУУГАНДАРЫҢДЫ ЧОГУЛТ.
АНЧАЛЫК КӨП МАЛ МЕНЕН АЛАР АЛЫСКА КЕТЕ АЛЫШПАЙТ.
БАЙКАГЫН, ЖАКЫПКА ЖАМАН ДА, ЖАКШЫ ДА АЙТПА.
СЕНИН АТАҢ БИЗДИ КУУП ЖЕТТИ.
АТАМ АЙТКАНЫНАН КАЙТПАГАН АДАМ.
ЭМНЕ ҮЧҮН ЖАШЫРУУН КАЧТЫҢ? ЭМНЕ ҮЧҮН МЕНИ АЛДАДЫҢ?
АТҮГҮЛ, НЕБЕРЕЛЕРИМ МЕНЕН КЫЗДАРЫМДЫН БЕТИНЕН ӨПТҮРГӨН ЖОКСУҢ.
КЕЧЭЭ АТАҢАРДЫН КУДАЙЫ АБАЙЛА, КАТУУ СҮЙЛӨБӨ ДЕГЕНИНЕН УНЧУКПАЙ ТУРАМ.
КЫЗДАРЫҢДЫ МЕНДЕН ТАРТЫП АЛАСЫҢ ГО ДЕП КОРКТУМ.
СЕН АБДАН УЯТ ИШ КЫЛДЫҢ
СЕН МЕНИН КУДАЙЛАРЫМА Н БЕРИ УУРДАП КЕТИПСИҢ!
КУДАЙЛАРЫҢДЫ КИМДЕН ТАПСАҢ, АЛ ТИРҮҮ КАЛБАСЫН! ТУУГАНДАРЫБЫЗДЫН КӨЗҮНЧӨ МЕНИКИНЕН ИЗДЕП ТААП АЛ.
АЛАРДЫ РАХЕЛ УУРДАП АЛГАНЫН ЖАКЫП БИЛГЕН ЭМЕС ЭЛЕ.






БАШТАЛЫШ 31:33-55


ЖАКЫП БОЛСО ӨЗ ЖОЛУ МЕНЕН КЕТТИ. ЖОЛДО АГА КУДАЙДЫН ПЕРИШТЕЛЕРИ ЖОЛУКТУ.
ЖАКЫП АЛАРДЫ КӨРҮП: «КУДАЙДЫН АСКЕРЛЕРИ», – ДЕДИ. АНАН АЛ ЖЕРДИН АТЫН МАХАНАЙИМ ДЕП АТАДЫ.
БИЗДИН АЛДЫБЫЗГА БАРЫП, МЫРЗАМ МЕНЕН БИР ТУУГАНЫМ ЭЙСАПКА КАБАР БЕР.
МЕН ЛАБАНДЫКЫНДА БҮГҮНКҮ КҮНГӨ ЧЕЙИН ЖАШАП ТУРДУМ. МЕНИН ӨГҮЗДӨРҮМ, ЭШЕКТЕРИМ, МАЙДА МАЛЫМ, КУЛДАРЫМ, КҮҢДӨРҮМ БАР. МЕН СЕНИН АЛДЫҢДА ЫРАЙЫМ ТАБУУНУ КААЛАЙМ.
БИР КАНЧА КҮН ӨТКӨН СОҢ…
БИЗ БИР ТУУГАНЫҢ ЭЙСАПКА БАРДЫК. АЛ СЕНИ ТОСУП КЕЛЕ ЖАТАТ, ЖАНЫНДА ТӨРТ ЖҮЗ АДАМ БАР.
БУЛ ЖАКШЫЛЫККА ЭМЕС… АДАМДАРДЫ, МАЙДА ЖАНА БОДО МАЛДЫ, ТӨӨЛӨРДҮ ЭКИ ТОПКО БӨЛГӨНГӨ ЖАРДАМ БЕРГИЛЕЧИ.
ЭГЕР ЭЙСАП КОЛ САЛЫП БИР ТОПТУ ТАЛКАЛАСА, ЭКИНЧИ ТОП КУТУЛУП КЕТЕ АЛАТ.
ОО, ТЕҢИРИМ, СЕН МАГА: “МЕН СЕНИ КОЛДОП, УКУМ-ТУКУМУҢДУ ДЕҢИЗ КУМУНДАЙ КӨБӨЙТҮП, КӨПТҮГҮНӨН САНАП ЧЫККЫС КЫЛАМ”, – ДЕП АЙТКАНСЫҢ…
ЭРТЕҢ ЭЧКИ, ТЕКЕ, КОЙ, КОЧКОР, ИҢГЕН БОТОЛОРУ МЕНЕН, УЙ, ӨГҮЗ, УРГААЧЫ, ЭРКЕК ЭШЕК АЛЫП, МЕНИН АЛДЫМА ТҮШКҮЛӨ, ҮЙҮРЛӨРДҮН ОРТОСУНДА АРАЛЫК БОЛСУН.
БИР ТУУГАНЫМ ЭЙСАП АЛДЫҢАН ЧЫГЫП СУРАСА, СЕН: “СЕНИН КУЛУҢ ЖАКЫПТЫКЫ. БУЛАР – МЫРЗАМ ЭЙСАПКА ЖИБЕРИЛГЕН БЕЛЕК. АЛ ӨЗҮ ДА БИЗДИН АРТЫБЫЗДА КЕЛЕ ЖАТАТ”, – ДЕ.






БАШТАЛЫШ 33:22-32


БИР ТУУГАНЫМ, КӨРҮШПӨГӨНҮБҮЗГӨ КАНЧА БОЛДУ!
БУЛАРЫҢ КИМ?
КУДАЙДЫН КУЛУҢА БЕРГЕН БАЛДАРЫ.
ОШОНДО КЫЗМАТЧЫ КҮҢДӨР МЕНЕН АЛАРДЫН БАЛДАРЫ ЖАКЫН КЕЛИП, АГА ТААЗИМ КЫЛЫШТЫ.
АНДАН СОҢ ЛЕЯ ДА БАЛДАРЫ МЕНЕН КЕЛИП ТААЗИМ ЭТТИ.
АКЫРЫНДА ЖАКЫП, ЖУСУП МЕНЕН РАХЕЛ ДА КЕЛИП ТААЗИМ ЭТИШТИ.






БАШТАЛЫШ 33:8-20






БАШТАЛЫШ 34:1-17


ОШЕНТИП, ХАМОР МЕНЕН АНЫН УУЛУ ШЕКЕМДИН АЙТКАНДАРЫ БОЮНЧА ШААРДАГЫ ЭРКЕК АТТУУЛАРДЫН БАРДЫГЫ СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУЛДУ.
ҮЧҮНЧҮ КҮНҮ ЖАКЫПТЫН ЭКИ УУЛУ, ДИНАНЫН БИР ТУУГАНДАРЫ ШЫМОН МЕНЕН ЛЕБИ ӨЧТӨРҮН АЛЫШТЫ.
ШААРДЫН ЭРКЕКТЕРИ ООРУП ЖАТКАНДА, КЫЛЫЧТАРЫН АЛЫП, ШААРГА ТАРТЫНБАСТАН КОЛ САЛЫП, ЭРКЕК АТТУУЛАРДЫН БААРЫН КЫРЫП САЛЫШТЫ.
КАЛГАНЫН АЛАР КАРАКТАП САЛЫШТЫ.
БУЛ КЫЛГАНЫҢАР ЭМНЕ?!
МЕНИН ЭЛИМ АЗ. АЛАР МАГА КАРШЫ ЧОГУЛУП, МЕНИ ӨЛТҮРҮП, ҮЙ-ЖАЙЫМ МЕНЕН ЖОК КЫЛЫШАТ. СИЛЕР МЕНИ КАЙГЫГА САЛДЫҢАР.
ЭМНЕ ҮЧҮН АЛ БИЗДИН КАРЫНДАШЫБЫЗГА СОЙКУГА МАМИЛЕ КЫЛГАНДАЙ МАМИЛЕ КЫЛЫШЫ КЕРЕК?
АЛАР ТАТЫКТУУ ЖАЗАСЫН АЛЫШТЫ.


КУДАЙДЫН ЖЕТЕГИНИН АСТЫНДА ЖАКЫП БЕЙТЕЛГЕ КАЙТЫП ЭЙСАПТАН КАЧЫП БАРА ЖАТКАНДА АГА КЕЛГЕН КУДАЙГА КУРМАНДЫК ЧАЛЫНУУЧУ ЖАЙ КУРМАЙ БОЛДУ.
БӨТӨН КУДАЙЛАРЫҢАРДЫ ТАШТАГЫЛА, ТАЗАЛАНЫП, КИЙИМИҢЕРДИ АЛМАШТЫРГЫЛА.
АЛАР ЖАКЫПКА ӨЗДӨРҮНҮН БӨТӨН КУДАЙЛАРЫН, КУЛАКТАРЫНДАГЫ СӨЙКӨЛӨРҮН БЕРИШТИ. ЖАКЫП АЛАРДЫ ШЕКЕМДИН ЖАНЫНДАГЫ ЭМЕН ДАРАГЫНЫН ТҮБҮНӨ КӨӨМП САЛДЫ.
ЖАКЫПКА АЧЫЛГАН КУДАЙГА АЛ КУРМАНДЫК ЧАЛЫНУУЧУ ЖАЙ КУРДУ. КУДАЙ АГА КЕЛИП БАТАСЫН БЕРДИ. ТЕҢИРДИН КОРКУНУЧУ АЙЛАНАДАГЫ ЭЛДИ КАПТАГАНДЫКТАН, АНДАН КИЙИН ЖАКЫПКА ЭЧ КИМ ТИЙГЕН ЖОК.
ОШЕНТИП, АЛ КУДАЙ ӨЗҮНӨ СҮЙЛӨГӨН ЖЕРДИ БЕЙТЕЛ ДЕП АТАДЫ.






БАШТАЛЫШ 35:16-37:1

"THE BIBLE EXPLAINED
IN EVERY LANGUAGE."













# SUPERBIBLE.TV